САБАК БОЛСУН!

# Кредиттен “крит” болгондор

***Кыргызстанда банктардан жана микрофинансы уюмдарынан кредит алып, өз ишкердиктерин өнүктүрүп, бутуна туруп кеткендер бир топ. Ошол эле учурда алган кредитин төлөй албай, күрөөгө койгон үй-жайынан ажырап, кыйын-кыстalыш абалда калышкандар да аз эмес. Алар эмне үчүн насыясын жаба албай калышты? Кыйчалыш абалга тушугушуна эмне себеп болду? Ушул суроолордун тегерегинде жана микрокаржылоонун оош-кыйыштары тууралуу кардарлардын өздөрү жана Жогорку Соттун алдындагы Сот департаментинин директорунун милдетин аткаруучу Урмат Кожомбердиев менен пикир алыштык.***



Ондон солго карай Замира Исабаева, Алма Сейитбекова, Ажахан Жумабаева, Айнагул Саралаева.

*Сейитбекова Алма,*
*Бишкек шаарындагы*
*Ак өргө конушунун тургуну:*

## “Кредит аларда “жети өлчөп, бир кесиш керек”

***- Кредитти кайсы банктан алдыңыз эле?***

- 2010-жылы “Оптима” банктан алгам. Анда базарда иштечүмүн. 3 ай төлөдүм. Андан кийин төлөгөнгө шартым болбоду. Анткени, 2010-жылкы окуяга байланыштуу Россияга кеткен товарлар келбей калды. Товардан да, акчадан да жок куржалак калдым. Анын үстүнө, 25 жаштагы кызым ооруп, эпилепсия болуп, 2 ай эс-учун билбей жатып калып, аны да карап калдым. Анан эки жыл өтпөй өзүм автокырсыкка кабылып, “өлгөндүн үстүнө көмгөн” дегендей эле болдум. 2011-жылы бизге айтпастан, банк күрөөгө койгон үйүмдү башка бирөөгө сатып жиберет. 2012-жылы февралда кызым айыгып, кол-жолум бошоп, иштегенге мүмкүнчүлүгүм болуп, банкка барып, “кредитти төлөйүн” дедим. Алар “биз үйдү сатып жибердик, сатып алган адамдар менен чечишип ал” деп коюшту. Ал адамдар менен 3 жыл соттоштум. Аягында соттун чечими тигил адамдардын пайдасына чыгып, бизди үйдөн кууп чыга баштады.

***- Сиз банкты күнөөлөп жатасызбы?***

- Күнөөлөгөнүм жок. Кредитти өзүм алдым. Убагында төлөй албаганым үчүн өзүм күнөөлүүмүн... Бирок банктын сен ачка каласыңбы, үйжайыңды тарттырып жиберип талаада каласыңбы, иши да жоктугун, пайданы гана көздөшөөрүн, келишимди да өздөрүнө ылайыктап түзүшөөрүн эстен чыгарбашыбыз керек тура.

***-Ошентип үйүңүздү алдырып койдуңузбу?***

- Жок, Сот аткаруучулар департаментине кайрылдым. Анын жетекчиси Урмат Кожомбердиевге ырахмат! Ал кийлигишип, биз билбеген мыйзамдын аки-чукусүнөн бери көтөрүп чыгып жатып, азыр үйүмдө жашап жатам.

***- Сиз билбеген эмне мыйзам экен?***

- Банк 3 жыл күтүш керек экен да. Күтпөй эле сатып жибериптир. Банк пайданы эле көздөгөнү, карыз алуучунун шарт-жагдайы менен иши жоктугу өкүнүчтүү. Менде 30 миң доллардын 28 миңи калган. Банк 37 миң долларга сатып, ортодон 7 миң доллар пайда таап калууну гана көздөгөн. Ал тургай менин үйүмдү өздөрүнүн эле кишилерине арзанга саткан. 3 жылга жетпей эле “өзүм төлөп баштайм, үйүмдү өзүмө бергиле” десем, банк бербей, сатып жиберип жатпайбы. Үйүм 80 миң доллар турат. Сатып алгандар үйгө муктаж деле эмес экен. “Кааласаң 55 миң долларга сатып ал” дешип, кайра мага сатып жатышпайбы.

***- Кандайча?***

- Банк сатып жиберген соң, сатып алгандардын наамына өтүп кетип, үйүмдү кайра 55 миң долларга сатып алмай болдум.

***- Сизге окшоп кредит алгандар көп. Аларга кандай кеңеш бересиз?***

- Бизнесин өнүктүргөнгө көзү жеткендер алсын, көзү жетпегендер албасын дейт элем. Кредит алаарда “жети өлчөп бир кеспесең” талаада каласың.

***- Канча процент менен алдыңыз эле?***

- 30 миң долларды 10 жылга 24 процент менен алгам.

***- 24 процент көппү?***

- Көп эмей. 10 жылга 240 процент болуп кетип жатпайбы.

***- Арзанын издебейт белеңиз?***

- Ал учурда мындан арзаны жок болчу. Алганга аргасыз элек.

***- Айтмакчы, үйүңүздү сотко жеткирбей эле сатып жибериштиби?***

- Ооба. Ал учурда банк мыйзамына “кардар карызын кечиктирсе, сотсуз эле күрөөгө коюлган нерсени сатып жиберүүгө укуктуу” деп жазып коюшуптур да. Көп адамдар үйлөрүн алдырып жиберишип, ызы-чуу болушкандан кийин гана “күрөөгө коюлган нерсе сот аркылуу чечилиш керек” дегенди киргизишти.

*Ажахан Жумабаева,*
*Кант районундагы*
*Покровка айылынын тургуну:*

## “Кредитти кандай максатка алса, ошого гана колдонушсун”

***- Сиз да банктан кредит алып, төлөй албай кыйналган экенсиз. Себеби эмнеден болду?***

- “Кыргызстан” АКБдан 2012-жылы агамдын үйүн коюп эки жылга 350 миң сом кредит алгам. Бир жыл жакшы төлөдүм. Бир жылдан кийин цехти иштете албай банкрот болдум. Анткени, товарларыбызды Москвага жөнөтүп, акчасын ала албай калдык. Биринчиден, товарларыбызды алгандар алдап кетти. Экинчиден, ошол учурда Кыргызстандагы кырдаалдын стабилдүү эместиги өтө жолтоо болду. Чек ара бекеттери жабылып, жумуш токтоп, соода жүрбөй калды. “Кордай” чек ара бекетинен 50 килодон ашык жүктү өткөрбөй, азапка салышты. Азыр деле чек арадан товар алып өтүшүң тозок. Бөлүп-жарып бирөөлөр аркылуу алып өтөсүң. Бири берет, бири бербей уурдап кетет. Ошол кезде жер-жемиштер менен да иштечү элек, чек ара жабылып, КАМАЗдардагы жер-жемиштерибиз ошол бойдон чирип төгүлдү.

***- Буга ким күнөөлүү?***

- Кыргызстанда стабилдүүлүктүн жоктугунан биз кыйналдык. Бул биздин өкмөттүн күнөөсү. Ырас ушундай болгон соң, бизге төлөгөнгө убакыт бериш керек болчу. Антишкен жок. Соттук териштирүүсүз эле үйлөрүбүздү сата башташты. Сатып жиберишкенин өзүбүз да билбей калып жаттык. Качан гана бизди үйдөн чыгарганы келишкенде билип жүрөбүз да. Айла кеткенде биз демилгелүү топ уюштуруп, ак үйдүн алдына митингге чыкканбыз. Ушундан кийин гана “күрөөгө коюлган нерсе соттук териштирүү аркылуу сатылсын” деген мыйзамды кабыл алып беришти. Белгилей кетээрим – Сот департаментинин жетекчиси Урмат Кожомбердиев бизге укук, мыйзам жаатынан туура багыт берип, чоң жардам берди. Ал биз менен банк өкүлдөрүн көздөштүрүп, биз кетирген каталарды да, банк кетирген каталарды да тактап, бизге чоң көмөк көрсөттү. Биз Өкмөткө, Жогорку Кеңешке үнүбүз жетип бара албайт экенбиз, бизди кабыл алышпайт экен. Банк да биздин сөзүбүздү укпайт. Урмат Кожомбердиев Жогорку Кеңештин депутаттарынан түзүлгөн комиссия, Жогорку Соттон жана банктын өкүлдөрүнөн кошуп бизге өзүнүн конференция залынан тегерек үстөл уюштуруп берип турду. Ошондо банк менен келишимге келип, үйлөрү сатылып жаткан жеринен кайтарылып, көптөрдүн көйгөйлөрү чечилди. Азыр да карыз алуучуларга укук жагынан да, мыйзам жагынан да көп жардам берүүдө. Ушу жигитке абдан ыраазыбыз. Кыргызстанда ушундай адамдар көп болсо, карапайым элдин турмушу бат эле оңолуп, өлкөбүз бутуна туруп кетмек. Тилекке каршы, “өз көмөчүнө күл тарткандар” көп болуп жатат.

**(Уландысы 13-бетте)**